# Маймылдан сурайлы!




Автор: Айгуль Джапарова

Сүрөтчү: Адель Дуйшеева

Которгон: Талгат Деркембаев

# Маймылдан сурайлы!

Автор: Айгуль Жапарова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Маймылдан сурайлы!" (кыргыз тилинде), автор Айгуль Джапарова, сүрөтчү Адель Дуйшеева, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





Таня чалынып, чоң апасы чакырганда жүгүрүп бара жатты. Ата- энеси скайп менен чалышыптыр. Алар эки жыл мурда Африкага иштегени кетишкен. Акыркы жолу сүйлөшкөнүндө, атасы ага жашаган жерин көрсөтөм деген. Таня бул учурду аябай күткөн болчу.

Таня куюндай учуп жетип, чоң апасынын жанына отуруп, ноутбукту тиктеп калды. Тынчы жок, шайыр маймылдар лианаларды селкинчек кылып күүлөнүп жатышты. Алар чын эле атасы менен апасы айткандай, аябай жакшынакай жаныбарлар экен.

Кичинекей маймыл атасынын ийинине отура калып, банандын кабыгын аарчыды.

Таня да ушундай күлкүлүү жана тентек маймылдуу болгусу келди.

– Мен эми ата-энемден эмне белек сураш керек экенин билем.

Алар жакында үйгө кайтып келишет эмеспи, – деп ойлонду Таня.

Ата-энеси кийинки жолу чалганда, кыз өзүнүн каалоосун айтты.

– Ата, апа, билесиңерби! Силер мага Африкадан белек ала келебиз дебедиңер беле. Мага маймыл алып келип бергилечи, – деди кыз ишенимдүү.

– Танюшка, сен ойлонуп көрсөң. Маймыл деген куурчак эмес да. Ал бактарда эркин секирип ойнойт. Каалаганын жейт. Анан ал биздин батирибизде кантип жашайт?

Таня тултуюп, колдорун кайчылаштырып тетири бурулуп кетти. Анын кебетесинен таарынганы билинди. Кыз ата-энесинин бири-бирин кейиштүү карап калганын байкаган да жок. Чоң апасы небересин кабагын чытып карады. – Таня, сен маймылды аягың келбесе, жок дегенде мени аяп койбойсуңбу. Жаныбарлардын жүнүнөн аллергиям бар экенин билесиң да. Ошондон улам мышык да бага албай жүрбөйбүзбү. Кыз өзүнүн бөлмөсүнө чуркап кирип, керебетине отурду. – Эмне үчүн баары мага каршы чыгышат? Алар мени жакшы көрүшпөйт, – деп ойлонду.

– Таня, жүрү май токоч жейбиз. Май токочтор тим эле ысык дейсиң.

Кыз чоң апасынын ма токочторун ушунчалык жакшы көрчү.

Кийинки күнү кыз мектепке келди. Оюнан маймыл кетпей жатты.

Ал достору, эжейи менен сүйлөшүп көрүп, алардын пикирин укмакчы болду.

– Мен сиз менен сүйлөшкүм келип жатат, – деди ал танаписте Валентина Петровнага кайрылып.

– Мени менен элеби же баарыбыз мененби?





– Баары менен сүйлөшсөк жакшы болот го. Силердин да пикириңерди уккум келип жатат. Балдар чогулганда, Таня маймыл тууралуу айтып берди.

– Кадимки эле маймылдыбы? Укмуш го! Келгиле, биз аны класска жайгаштырып коёбуз. Башка класстарда тоту куштар деле бар го.

Бизде өзүбүздүн маймылыбыз болот. Ой, укмуш болот да, – деди Нурбек.

– Биз ага банан алып келип берип турабыз, – деп бир канча бала коштоп кетти.

– Ой, ал парталардын үстүнөн чуркап баштаса эмне болот? Артынан кууп жетпейбиз да, – деп башка балдар чочулай түшүштү.

Валентина Петровна аларды унчукпай угуп туруп:

– Болуптур, балдар. Силер аны мектепте бактыңар, аны менен ойнодуңар дейли. А сабактан кийин аны класска жалгыз бекитип кетесиңерби?



Бул тууралуу да ойлонуп көргүлө! Ошол маймылдын ордуна өзүңөрдү коюп көргүлөчү. Мектеп жаныбарларды бага турган жай эмес да, – деди.

– Ооба, эжей туура айтат. Маймыл деген капаста жашаган тотукуш эмес да, – деди Айка.

Бардыгы үшкүрүп, унчукпай калышты.

Демейде шаңдуу жүргөн Танянын бүгүн капалуу жана унчукпай калганын байкаган чоң апасы небересинин түрүн көрүп чочуп кетти.

Ал кыздын дене табын өлчөдү. Малина менен чай ичкенден кийин уктап кетти...

Таня өзүнүн классында экен. Негедир ал партада эмес, эскилиги жеткен килемченин үстүндө отуруптур. Класста эч ким жок. Тегеректе банандын кабыктары жайнап жатат. Бир маалда жакшылап караса, өзү тар капастын ичинде отурат.

Бул өтө коркунучтуу көрүнүш болчу. Ал жардамга чакырса да, эч кимдин аны уга тургандай түрү жок...

– Таня, Танечка, ойгон! Сен эмне кыйкырып жатасың? – деп чоң эне тынчсыздана сурады.


– Ох! Түшүм турбайбы! Коркунучтуу түш көрдүм.

Кыз төшөктөн тура калып:

– Жок, маймыл эркиндикте досторунун арасында эле жашай берсин.

Аны туугандарынан айрылышын каалабайм. Мен да атам менен апамды күтүп жүрбөймүнбү. Анан калса, капаста жашаган өтө коркунучтуу эмеспи, – деди ал толкундана.

Тентек маймыл болсо, аябай жолу болгонун билген деле жок. Ал достору менен капарсыз кубалашып ойноп жүрдү.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Айгуль Джапарова
Сүрөтчү: Адель Дуйшеева
Которгон: Талгат Деркембаев



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли